DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Шерова А.К., Худайназарова Ф.И., Авязова А.М., Шерова Н.К.*

# «МАНАС» ЭПОСУ ЖАНА ИСХАК РАЗЗАКОВ

*Шерова А.К., Худайназарова Ф.И., Авязова А.М., Шерова Н.К.*

# ЭПОС «МАНАС» И ИСХАК РАЗЗАКОВ

*A. Sherova, F. Khudainazarova, A. Avyazova, N. Sherova*

# EPIC «MANAS» AND ISKHAK RAZZAKOV

*УДК: 398*

*Ар бир улут өзүнүн мыкты уулдары менен сыймыктанат. Кыргыз элинин карт тарыхында көп эле эл башкарган инсандардын ысымдары аталып келет. Бирок алардын бардыгы эле Исхак Раззаков сыяктуу улут лидери, чыныгы журт атасы катары айтыла бербейт. Чындыгында Исхак Раззаковдун журт атасы катары жасаган эмгеги түбөлүктүү жана кайталангыс. Эң башкысы Исхак Раззаковдун жетекчилиги астында Кыргызстандын ар тараптуу дүргөлдүү өнүгүүсү - улуу чындык. Баарынан да ошол өнүгүүлөрдүн түбөлүктүүсү «Манас» эпосунун элдүүлүгүнүн жарыяланышы, кылымдарды карыткан Кыргызстан тарыхынын изилдениши болду десек жаңылышпайпыз. Исхак .Раззаковдун бул өңүттөгү баа жеткис эмгеги улуттун улуу лидери катары Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүн түптөөгө кошкон зор салымы деп билебиз. Ошентип, макала улут лидери Исхак Раззаковдун 110 жылдыгына арналат да, мында Исхак Раззаковдун «Манас » эпосун жайылтууга кошкон салымы изилдөөгө алынат.*

***Негизги сөздөр:*** *Манас, эпос, маданият, мамлекеттүүлүк, элдүүлүк, улут, лидер, чечен, жазуучулар.*

*Каждая нация гордится своими лучшими сыновьями. В древней истории кыргызского народа упоминаются имена многих правителей. Но не все они считаются лидерами нации, настоящими отцами народа, как Исхак Раззаков. На самом деле, отцовский труд Исхака Раззакова вечен и уникален. Большим фактом считается то, что в то время, когда Исхак Раззаков руководил Кыргызстаном, развитие государства достигло высокого уровня. Прежде всего, вечностью этих развитий считается провозглашение народности эпоса «Манас», изучение и исследование многовековой истории Кыргызстана. Мы знаем, что бесценный труд Исхака Раззакова, как великого лидера нации, в этом направлении является большим вкладом в становлении государственности Кыргызстана. Итак, статья посвящена 110-летию общенационального лидера Исхака Раззакова и исследует вклад Исхака Раззакова в распространении и исследовании эпоса «Манас».*

***Ключевые слова:*** *Манас, эпос, культура, государственность, люди, нация, вождь, оратор, писатели.*

*Every nation is proud of its best sons. In the ancient history of the Kyrgyz people, the names of many rulers are mentioned. But not all of them are considered the leaders of the nation, the real fathers of the people, like Iskhak Razzakov. In fact, Iskhak Razzakov's father's work is eternal and unique. It is considered a big fact that at the time when Iskhak Razzakov was in charge of Kyrgyzstan, the development of the state reached a high level. First of all, the eternity of these developments is considered to be the proclamation of the people of the epic "Manas", the study and research of the centuries-old history of Kyrgyzstan. We know that the invaluable work of Iskhak Razzakov, as the great leader of the nation, in this direction is a great contribution to the formation of the statehood of Kyrgyzstan. So, the article is dedicated to the 110th anniversary of the national leader Iskhak Razzakov and explores the contribution of Iskhak Razzakov to the dissemination and research of the Manas epic.*

***Key words:*** *Manas, epic, culture, statehood, people, nation, leader, orator, writers.*

Исхак Раззаковдун ишмердүүлүгүнүн кайталангыстыгын, кыргыз элинин жана мамлекеттин түптөлүшүнө кошкон чоң салымын, анын кыргыз интеллегенциясынын күзгүсү жана улут лидери экендигин тастыктаган далилдердин бири – «Манас» эпосунун элдүүлүк маселесин көтөрүп чыккандыгы болуп саналат. Ошентип, биздин изилдөөбүздүн чордонун Исхак Раззаковдун “Манас” эпосун жайылтуу үчүн жасаган иш-аракеттери түзмөкчү.

Биздин изилдөөбүз Исхак Раззаковдун адабият айдыңындагы салымына арналгандыктан, “чу” дегенде эле кыргыз эл жазуучулары Түгөлбай Сыдыкбековдун [1, 35-42-бб.], Чыңгыз Айтматовдун [1, 80-81-бб.], Кыргыз Республикасынын эл акыны Сүйүнбай Эралиевдин[1, 50-52-бб.], академик Бүбүйна Орузбаеванын [2, 72-б.], Кыргыз Республикасынын маданиятынын Эмгек сиңирген ишмери Кыяс Молдокасымовдун [1, 75-85-бб.], [3] эскерүү макалаларына кайрылдык жана тарыхчы окумуштуулар, тарых илимдеринин доктору, профессор Закирбек Эралиевдин [2], Х.Холжураевдин [4], педагогика илимдеринин кандидаты Гапыр Мадеминовдун [4] жана башкалардын эмгектерине таяндык. Мында:

– Исхак Раззаковдун тушунда “Манасты” изилдөө жана жарыялоо ишинин күчөгөндүгү, аны калың калкка кайра берүү башталгандыгы ;

– “Манас” эпосунун элдик эпос экендигин жарыялоо жана эпостун 1100 жылдыгын өткөрүү боюнча Исхак Раззаковдун жетекчилигинде Кыргызстандын гана эмес СССРдин деңгээлинде илимий конференциялардын өткөрүлгөндүгү (1952-жылы Фрунзе шаарында Бүткүл союздук илимий конференция өткөрүлгөн), бул боюнча токтомдордун кабыл алын-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



гандыгы жана булардын жыйынтыгында, “Манас”-элдик эпос, нукура эл тарабынан чыгарылган чыгарма деп белгиленгендиги [2];

– Исхак Раззаков айрым окумуштууларга каршы туруп, Манас эпосунун элдүүлүгүн жарыялоону жактап, бул улуу чыгарманын сакталып калышына себепчи болгондугу жана илимий, саясий каршылыктарга карабастан, Исхак Раззаковдун сунушу менен 1958-1960-жылдары “Манас” эпосунун 4 томдон турган бириккен варианттары жарык көргөндүгү;

– “Манас” эпосунун 1100 жылдыгын өткөрүү үчүн 106 кишиден турган атайын комитет түзүлүп, аны Исхак Раззаков жетектегендиги, Манас эпосунун маарекесин өткөрүүгө жасалган тоскоолдуктардан улам эпостун 1100 жылдыгы өткөрүлбөсө да, бирок колдо болгон, жазылып алынган материалдардын негизинде “Манас” эпосунун үзүндүлөрү жана башка эпосторубуз массалык түрдө басылып чыга баштагандыгы, баары күндөп-түндөп окугандыгы;

- кыргыз тилинин абалы, келечеги жөнүндө кам көрүп, анын кадырын көтөрүүгө чечкиндүү кадамдарды жасагандыгы, тактап айтканда, басма сөз, китеп чыгаруу жумушунун, адабият жана тил илими боюнча изилдөөлөрдүн күчөшү жана жүргүзүлүшү, бардык орус мектептерде кыргыз тилин атайын сабак катары окутууну кийиргендиги ж.б. [5, 442-443-бб.];

– “Манас” эпосу менен катар эле кыргыз эл оозеки чыгармаларын, залкар комузчулар менен акындардын чыгармаларынын келечек муун үчүн жазылып калышына да өзгөчө кам көргөндүгү [3, 17-б];

– деги эле Исхак Раззаков көп окуган, көптү билген, чукугандай сөз тапкан чечен, акылман-даанышман кеңешчи, адабиятка жан-дили менен кам көргөн адабиятчы да, жазгыч да, илимпоз да экендиги белгиленет [1],[2],[3],[4],[5].

Жогоруда белгиленгендерди тарых илимдеринин доктору, профессор Закирбек Эралиев төмөнкүчө тастыктайт: “Исхак Раззаков жалаң гана Кыргызстандын экономикасын жогорулатуу, калктын социалдык-маданий деңгээлин өстүрүү гана эмес, ошондой эле кыргыз элинин тарыхын, адабияты жөнүндө кам көрүү маселелери да кызыктырган. Анын жүрөгүн өйүгөн нерсе: дүйнөлүк цивилизациядагы кыргыздардын ролу жана орду, Октябрь революциясына чейинки кыргыздардын тарыхынын орчундуу маселелери, кыргыздардагы тээ байыркыдан бери коомдук-саясий ой-пикирдин калыптануусундагы “Манас” баш болгон чыгармалар, ошондой эле социализм учурундагы элдерди интернационалдык рухта тарбиялоо жана анын айрым жолдору, усулдары сыяктуу маселелер болчу” [2, 68-69-бб.].

Окумуштуу Кыяс Молдокасымов улут лидери жөнүндөгү изилдөөлөрүндө 1950-жылы жайында КП БКнын 1-катчысы Боголюбовдун ордуна Исхак Раззаковдун талапкерлигин Сталин өзү жактырып, Исхак Раззаковдун Кыргызстан КП БКнын 1-катчылыгына шайлангандыгын жана ошол мезгилден тарта “Манас” эпосуна мамиле да дароо өзгөргөндүгүн баса белгилеп [3, 16-б.], эпос тууралуу ошол кездеги чечүүчү талкууга күбө болгон заманыбыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун эскерүүсүн далил катары мындайча келтирет:

1951-жылы мен айыл чарба институнда окуп жүргөндө бир күнү: “Мухтар Ауэзов келиптир, “Манас” эпосу тууралуу талкуу болуп жатыптыр” - деп угаарыбыз менен сабактан качып, ошол кездеги БКнын имаратын көздөй жөнөп калдык. Барсак эл көп, залга батпай ачылып турган айнектен карап турдук. Президиумда Раззаков, Ауэзов жана башкалар бар экен. Ар ким өз оюн ортого салып, айрымдары Манасты эл душманы катары каралашып отуруп конференциянын чечүүчү учуру келип, жыйынтыктоочу сөз Кыргызстан КП БК нын Биринчи катчысы Исхак Раззаковго берилди. Ал киши “Манас” эпосу кыргыз элинин байыртадан берки улуу чыгармасы экендигин, кылымдар бою атадан балага өтүп келген улуу касиетин баалап, мындан ары “Манас” эпосун: “Элдик эпос” - деп жарыялоону жактады. Ошону менен ашынган шовинисттердин жаагы жап болгон. Эгерде Исхак Раззаков болбогондо бул улуу чыгарма жок болуп кетиши мүмкүн болучу” [3, 16-17-бб.].

Тарыхчы окумуштуулардын, профессор Закирбек Эралиевдин, Кыяс Молдокасымовдун нускалуу изилдөөлөрүнө негизделген ойлорун утурлай белгилей кетүүчү нерсе: демек, “Манас“ эпосу кыргыз элинин улуттук идеологиясынын жаратманы, күзгүсү экендигине Исхак Раззаковдун көзү толук жеткен. Ал мезгилдеги идеологиялык саясат бөгөт болбогондо, алигиче улуттук идеологиябыз дагы да бир топ тереңден түптөлмөк экен.

Ошондой эле, Исхак Раззаковдун адабий сабаты өтө жогору болгондугун анын А.П.Чеховдой улуу орус жазуучуларынын аңгемелерин өзбек тилине которуп, кыргыз жазуучуларынын гана эмес,орус жа-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



зуучуларынын да чөйрөсүндө [1, 51-б.] кеңири эркин пикирлешип гана тим болбостон, акыл-насаатын бергендиги менен байланыштырабыз.

Ал эми КРнын эл акыны С.Эралиев И. Раззаковдун ораторлук чеберчилигинин ото жогорулугун, адабиятты мыкты билгенин, ал тургай адабий сынчы, теоретик болгонун айтат да, Исхак Раззаковдун адабиятчы катары такшалгандыгы анын мурда Өзбекстанда иштеп жүргөндө эле адабият теориясынан институттарда кээде лекцияларды да окуй коюп, башка тилдерден өзбекчеге көркөм котормолорду жасагандыгына байланыштуу экендигин көрсөтөт [1, 50-51-бб.];

Исхак Раззаковдун илимпоздугун анын эски дарий, парсы тилдерин мыкты билгендиктен, Самаркан шаарында окуп, иштеп жүргөн учурда араб ариби менен жазылган көп кол жазмаларды окуп чыгып, кыргыздардын тарыхы жөнүндө өтө кызыктуу материал жыйнап, аларды иликтеп, өзүнчө китеп кылып чыгарууну максат кылып, Орто кылымдардагы кыргыздардын тарыхы боюнча А.Бернштам гана эмес, академик Б.Гафуров, Б.Жамгырчинов жана Ю.Якубовский ж.б. менен дайыма пикир алышып тургандыгы менен байланыштырууга болот. Алсак, И.Раззаковдун өз элинин чыгаан уулу катары жүрөгүн өйүгөн маселе**,** кыргыз элинин байыркы тарыхын жарыкка чыгаруу, ал үчүн мүмкүн болушунча бар күчтү жумшоо жана зарыл иштерди жасоо эле. И.Раззаковдун колдоосу менен 1953-1956-жылдары курамына Москва, Ленинград, Ташкент, Алматы шаарларынын эң мыкты адистери кошулган археологиялык-этнографиялык экспедиция Кыргызстанда чоң иштерди жүргүзүп, эки томдон турган китеп чыгарылган. Жыйналган ар түрдүү этнографиялык, археологиялык маалыматтардын негизинде 1956-жылы кыргыз элинин келип чыгышы боюнча Бүткүл союздук илимий конференция өткөрүлүп, азыркы кыргыз элинин пайда болушунда жергиликтүү компонент үстөмдүк кылган деген жыйынтыкка келишкен. Мындай тыянакты Кыргызстандагы окумуштуулардын чоң тобу Б.Юнусалиев, А.Бернштам, Б.Жамгырчинов, А.Хасановдор ж.б. жактап чыгышып, И.Раззаков да ушул тарапта болучу. Көп узабай Москва, Ленинград, Ташкент, Алматы, шаарындагы тарыхчы окумуштуулардын катышуусу менен 1956-жылы эки китептен турган “Кыргызстан тарыхы” жарык көрөт. И.Раззаков бул китептин жарык көрүүсү үчүн кам көрүп, кыргыз элинин миңдеген жылдарды камтыган тарыхынын жарыяланышына кубанган [2, 74-75-бб.].

Ооба, улуу инсандын Кыргызстан тарыхын изилдөөгө жана “Манас” эпосунун элдүүлүгүн жарыялоого кошкон зор салымы жана эмгеги - Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүн түптөгөн жана пайдубалын бекемдеген кайталангыс эмгек деп билебиз.

Тилсиз улуттун да, мамлекеттин да бар болушун элестетүүгө мүмкүн  эмес. Бул жагын эске алганда, макалабызда Исхак Раззаковдун тил илимине кошкон салымы жөнүндө учкай токтолсок, ашыкча болбос.

Академик Бүбүйна Орузбаеванын эскерүүлөрүнөн Исхак Раззаков көсөм жетекчилиги менен гана чектелбестен, жетекчилик көрөгөчтүгү менен илимге дилгир акылкөйлүгүн айкалыштырып, мамлекет үчүн маанилүү маселелердин чечилишине себепчи болгондугун байкоого болот. Окумуштуу улут лидеринин бир катар иштерин мындайча эскерет: тил жаатында жергиликтүү илимий кадрларды даярдап тарбиялоого ичкериден да атайын окумуштуулар чакырылып келип, алардын жетекчилигинде тиги же бу кесиптин келечек адистерин даярдоо практикасы турмушка ашырыла баштаган. Ошондой кишилердин бирөө – белгилүү түрколог, сөздүкчү, ошо кезде эле СССРде гана эмес, чет өлкөлөргө да аты угулуп калган профессор К.К: Юдахин болгон. Болгондо да ошол киши Фрунзеге келер менен менин гана жетекчим эмес, менден улуу муундагы белгилүү филологдор Х.Карасаев, Б.Юнусалиев, З.Бектенов, Г.Бакинова, Ю.Яншансин, ж.б. илимий изденүүлөрүнө бул киши жетекчилик кылып, анын мындай үзүрлүү аракети мыкты жемиштерди бергендиги белгилүү [6, 20-24-бб.].

Эң негизгиси, академик Б.Орузбаева К.К.Юдахин сыяктуу ири окумуштуулар республика жетекчилерине жүйөлүү жана негиздүү кеңеш, сунуштар киргизип тургандыгын, ал эми И.Раззаковдой сезимтал жетекчилер андай иштердин жүзөгө ашырылышына түздөн-түз жардам берип тургандыгын, натыйжада, ошол мезгилде кыргыз тил илиминин жаңы этабы башталып, ал жылдары көптөгөн проблемалардын изилдениши колго алына баштагандыгын баса белгилейт [6, 24-б.].

Кыскасы, Исхак Раззаков жогоруда белгиленген иш-аракеттери аркылуу кыргыз элин алдыңкы, өнүгүп-өскөн улуттардын катарында болушун каалаган жана ар дайым кам көргөн.Улуттун келечеги, өлкөнүн өнүгүшү үчүн илим-билимге, маданиятка, тарыхка өз-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



гөчө көңүл буруу зарылдыгын тереңден түшүнгөн. Улуттук идеологиябыздын, маданиятыбыздын туу чокусу эсептелген “Манас” эпосун жайылтуу, эпостун 1100 жылдыгын белгилөө демилгеси да мына ошол учурга туш болгон.

Изилдөөчүлөр жана анын замандаштары“Исхак Раззаковдун ишмердүүлүгүндө бут тосуулар болбогондо, кыргыз тил илиминде, кыргыз адабиятында жана маданиятында, деги эле, Кыргызстандын мамлекет катары өнүгүүсүндө чоң өсүштөр болмок” деген чоң өкүнүчүн билдиришет [3].

Жыйынтыктап айтканда,улуу инсандын ошол мезгилдеги саясий кырдаалга карабастан, “Манас” эпосунун элдүүлүгүнө кайрылгандыгы – анын улут лидери катары Ата Мекенге болгон сүйүүсүн, кыргыз элине болгон урматын, Кыргызстанды өнүктүрүүгө кошкон чоң салымын далилдейт.

**Адабияттар:**


1. Улуу инсан. Эскерүүлөр. - Б.: “Учкун”мамконцерни. 1996. - 280 б.
2. Эралиев З., Исхак Раззаков – кыргыз элинин улуу уулу [Текст] / З. Эралиев.– Б.: 2010 - 130 б.
3. Молдокасымов К. Улут лидери: сапаттары жана сабактары [Текст] / К.Молдокасымов. - Б.: “Турар”, 2010. - 100б.
4. Холжураев Х., Мадаминов Г. Исхак Раззаков [Текст] / Х.Холжураевж.б. - Б.: 2000.-160 б.
5. Токтосартов А., Какеев А.Ч., Исмаилов С.А., Бакашева Ж.К. Исхак Раззаков – Кыргызстандын залкар уулу. Илимий докладдар, макалалар, эсерүүлөр. [Текст]/А.Токтосартов ж.б. – Б.: «Турар», 2010. – 548 б.
6. Токтосартов А., Беделбаев А. Исхак Раззаков – Кыргызстандын залкар уулу. Илимий докладдар, макалалар, эсерүүлөр. [Текст]/А.Токтосартов ж.б. – Б.: «Турар», 2010. – 340 б.
7. Муратбек К. Мир “Манаса” и особые черты искусствосказания “манаса”. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 12. С. 243-249.
8. Гафурова Б., Курбонов А.Д. О великой дружбе политического лидера И.Раззакова и академика Б.Гаффурова. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2014. №. 7. С. 58-61